цик

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Нарын, Баткен, Ош, Талас жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Нарын, Баткен, Ош, Талас жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү аяктагандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктун, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 5-бөлүгүн, 48-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Нарын облусунун Жумгал районунун Чаек, Көк-Ой айылдык кеңештерине, Баткен облусунун Баткен районунун Самаркандек, Ак-Сай, Ак-Татыр айылдык кеңештерине, Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Кеңеш айылдык кеңешине, Алай районунун Кабылан-Көл айылдык кеңешине, Ноокат районунун Исанов айылдык кеңешине, Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айылдык кеңешине, Талас облусунун Кара-Буура районунун Шекер, Бейшеке, Бакыян айылдык кеңештерине, Чүй облусунун Жайыл районунун Кызыл-Дыйкан айылдык кеңешине, Аламүдүн районунун Байтик айылдык кеңешине депутаттарды шайлоо 2023-жылдын 9-апрелине, жекшембиге дайындалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы:



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О назначении выборов депутатов некоторых местных кенешей Нарынской, Баткенской, Ошской, Таласской и Чуйской областей Кыргызской Республики**

В связи с истечением сроков полномочий депутатов некоторых местных кенешей Нарынской, Баткенской, Ошской, Таласской и Чуйской областей Кыргызской Республики, руководствуясь пунктом 3 части 2 статьи 70 Конституции Кыргызской Республики, частью 5 статьи 4, частью 1 статьи 48 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей», **постановляю:**

1. Назначить выборы депутатов в Чаекский, Кок-Ойский айылные кенеши Жумгальского района Нарынской области, Самаркандекский, Ак-Сайский, Ак-Татырский айылные кенеши Баткенского района Баткенской области, Кенешский айылный кенеш Кара-Кульджинского района, Кабылан-Кольский айылный кенеш Алайского района, Исановский айылный кенеш Ноокатского района, Отуз-Адырский айылный кенеш Кара-Суйского района Ошской области, Шекерский, Бейшекенский, Бакыянский айылные кенеши Кара-Бууринского района Таласской области, Кызыл-Дыйканский айылный кенеш Жайылского района, Байтикский айылный кенеш Аламудунского района Чуйской области на воскресенье, 9 апреля 2023 года.

2. Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики:

– организовать проведение выборов в вышеназванные представительные органы местного самоуправления в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

– рассмотреть возможность апробирования в пилотном режиме форм дистанционного, электронного голосования, применения

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жогоруда аталган өкүлчүлүктүү органдарына шайлоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өткөрүүнү уюштурсун;

– убактылуу регламенттөө жана башка зарыл болгон чараларды көрүү менен аралыктан, электрондук добуш берүү формаларын, жабдуулардын модернизацияланган түрлөрүн колдонууну пилоттук режимде апробациялоо мүмкүнчүлүгүн карасын.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

– шайлоону өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чыгымдарынын сметасына ылайык зарыл болгон финансылык каражаттарды бөлсүн;

– шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, коомдук тартипти сактоону камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн;

– добуш берүү жана шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдуулардын коопсуз сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн;

– пилоттук апробациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чечимдерине ылайык шайлоочуларды идентификациялоо программаларын өркүндөтүү боюнча чараларды көрсүн;

– маалыматтык системалардын киберкоопсуздугун камсыз кылууда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына көмөк көрсөтсүн.

4. Нарын облусунун Жумгал районунун, Баткен облусунун Баткен районунун, Ош облусунун Кара-Кулжа, Алай, Ноокат, Кара-Суу райондорунун, Талас облусунун Кара-Буура районунун жана Чүй облусунун Аламүдүн, Жайыл райондорунун мамлекеттик администрацияларынын башчылары шайлоого даярдык көрүүдө жана өткөрүүдө шайлоочулардын тизмелерин калыптандыруу, тактоо жана түзүү, уюштуруучулук жана материалдык-техникалык маселелерди чечүү боюнча Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин жана тиешелүү шайлоо комиссияларынын ишине көмөк көрсөтсүн.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчылары жогоруда аталган кеңештердин документтеринин, материалдарынын, ошондой эле материалдык-техникалык баалуулуктарынын сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

модернизированных видов оборудования с временной регламентацией и принятием других необходимых мер.

3. Кабинету Министров Кыргызской Республики:

– выделить необходимые финансовые средства для проведения выборов согласно смете расходов Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики;

– в период подготовки и проведения выборов принять меры по обеспечению законности, прав и свобод граждан, охране общественного порядка;

– принять меры по обеспечению безопасного хранения оборудования для голосования и идентификации избирателей;

– принять меры по совершенствованию программ идентификации избирателей согласно решениям Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики о пилотном апробировании;

– оказать содействие Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики в обеспечении кибербезопасности информационных систем.

4. Главам государственных администраций Жумгальского района Нарынской области, Баткенского района Баткенской области, Кара-Кульджинского, Алайского, Ноокатского, Кара-Суйского районов Ошской области, Кара-Бууринского района Таласской области и Аламудунского, Жайылского районов Чуйской области оказать содействие в работе Министерства цифрового развития Кыргызской Республики и соответствующих избирательных комиссий по формированию, уточнению и составлению списков избирателей, решению организационных и материально-технических вопросов при подготовке и проведении выборов.

5. Главам исполнительных органов местного самоуправления принять меры по обеспечению сохранности документов, материалов, а также материально-технических ценностей вышеуказанных кенешей.

6. Контроль за исполнением настоящего Указа возложить на отдел организационной работы и взаимодействия с регионами управления по подготовке решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

7. Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АДМИНИСТРАЦИЯ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КАНЦЕЛЯРИЯСЫ №1 КАНЦЕЛЯРИЯ

г. Бишкек
6 февраля 2023 года
УП № 19

7. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2023-жылдын 6-февралы
ПЖ № 19